**И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.16.528.**

Кол жазма укугунда:
УДК: 947.1(575.2)(043.3)

**Кулова Элнура Кемелбековна**

# ТАЛАС ШААРЫНЫН ТАРЫХЫ

Адистик: 07.00.02. – Ата Мекендин тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**БИШКЕК - 2017**

Диссертациялык иш Талас мамлекеттик университетинин тарых жана коомдук илимдер кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | тарых илимдеринин доктору, профессор<br>**Олжобай Кубатбекович Каратаев** |
| **Расмий оппоненттер:** | тарых илимдеринин доктору, профессор<br>**Байболот КапаровичАбытов** |
| | тарых илимдеринин кандидаты, доцент<br>**Исабаева Назгуль Акылбековна** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ош мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы, археология жана этнология кафедрасы<br>дареги: Ош шаары, И.Раззаков к., 13 |

Диссертациялык иш 19.05.2017 саат 16.00 И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурастар институтунун тарых илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д 07.16. 528 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек ш., И.Раззаков к., 51.

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан жана «arabaev.kg» сайтынан таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек ш., И. Раззаков к., 51.

Автореферат жөнөтүлдү: «19»- апрель 2017-жыл.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору,
профессор Н.У.Курбанова

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Эгемендүүлүккө ээ болуп, демократиялык жолду тандап алгандан бери, биздин мамлекетибиздин саясий, коомдук жана маданий жашоосу олуттуу өзгөрүүлөргө учурады. Пландуу экономикадан базар экономикасына өтүү менен Кыргызстанда «шаар таануу» маселелерин изилдөө иштери актуалдашты. Бүгүнкү күндө шаарлардын жаралуусу жана өнүгүшү көчмөн жана жарым-жартылай көчмөн кыргыздардын цивилизацияга жетүү жолунда «көпүрө» катары кызмат кылган деген концепция жашап келет. Шаарлардын пайда болушу жана коммуналдык тейлөөлөрдү өздөштүрүү жарым-жартылай көчмөндүк турмушту башынан кечирген кыргыздар үчүн татаал процесстердин бири болгон. Мына ошондуктан Талас шаарынын тарыхына, мурунку жана азыркы шаардык жашоочуларга болгон кызыгуунун жогорулашы – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Талас шаарынын негизи 1877-жылы түптөлгөн, бирок облустук борбор жана шаар макамына 1944-жылы гана ээ болгон.

2013-жылы кабыл алынган "Кыргыз Республикасынын 2013-2017 жылдар аралыгындагы туруктуу өнүгүшү боюнча улуттук стратегиянын" XI бабы аймактардын экономикалык өнүгүшүнө арналган [217]. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Кыргыз Республикасынын чакан шаар жана шаар тибиндеги кыштактарын өнүктүрүүнүн мамлекеттик концепциясын [212], "Өнүгүүнүн комплекстүү негизи" программасын [1],"Билим" улуттук программасын[10,11], "Билим", "Жеткинчек" улуттук программаларын[12] ишке ашыруунун келечектүү планы иштелип чыгарылган жана бир катар мыйзамдар [2–7] кабыл алынган.

Бүгүнкү күндө Талас шаарынын олуттуу өзгөрүүлөргө кабылып, шаардын жашоосунда ар түрдүү реформалардын жүргүзүлүп жаткандыгын изилдөөнүн актуалдуулугу катары белгилесе болот. Ошондой болсо да, Талас шаарынын тарыхында мурун, өзгөчө совет мезгилинде аз эмес сандагы жакшы жана прогрессивдүү тажрыйбалардын жана жетишкендиктердин болгонун тануучга болбойт. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө Талас шаары коомдук-экономикалык жана демографиялык кыйынчылыктарды башынан кечирип жатат, себеби 1991-жылдан тартып, чакан шаарларды системалуу кризис курчап алган. Негизги өндүрүштүк ишканалар өз ишмердүүлүгүн токтотушкан. Мындай кырдаалда Талас шаарынын тарыхында, өзгөчө совет мезгилинде аз эмес позитивдүү тажрыйбалар жана ийгиликтер болгондугун унутпоо зарыл. Бул массалык жумушсуздукка жана демографиялык кризистин күчөшүнө алып келген. Өткөн күндүн тажрыйбасы, сабактар жана ийгиликтери максималдуу түрдө оң жана прогрессивдүү ийгиликтерди алууга жардам берет.

Ошондуктан аталган тема илимий-таанып-билүүчүлүк гана эмес, ошол эле учурда коомдук-саясий, тажрыйбалык, турмуштук мааниге ээ, аны менен катар бул маселе үстүндө атайын изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.

**Теманы изилдөө деңгээли.** Кыргызстандын шаар жана айылдарынын тарыхын изилдөө республикалык историографияда аз изилденген багыт болуп саналат. Талас өрөөнүн жана Талас шаарын изилдөө иштери XIX кылымдын аягында башталган. Талас өрөөнү колония мезгилинде Олуя-Ата уездинин курамына киргендигин белгилей кетүү зарыл. Ошондуктан изилдөөчүлөр тарабынан Дмитриевка айылына жана Талас шаарына аталган уезддин бөлүгү катары жалпы мүнөздөмөлөр гана берилген.

Маалыматтардын чар-жайыттыгы эске алынып, аталган маселени изилдөө шарттуу түрдө төмөндөгүдөй топторго бөлүштүрүлдү: революцияга чейинки материалдар, советтик окумуштуулардын эмгектери, эгемендүүлүк доорундагы адабияттар.

*Биринчи топту* Талас өрөөнүнүн жана Талас шаарынын тарыхына байланыштуу революцияга чейинки изилдөөлөр түздү. Мында Туркестан археологияны сүйүүчүлөр ийрими (ТАСИ) тарабынан уюштурулган Борбордук Азияда жүргүзүлгөн археологиялык жана географиялык экспедициянын материалдары маанилүү ролду ойноду. Материалдарды тандоодо З.Л. Амитин-Шапиро түзгөн адабияттардын кыскача көрсөткүчү [108] олуттуу жардам берди.

Талас шаарынын революцияга чейинки мезгилдеги тарыхына Орус географиялык коомунун материалдарына 1860-жылы Кашгардан Таласка чейинки каттамды жарыялаган М.Венюков зор салым кошкон. Аталган материал Талас боюнча революцияга чейинки булактардын эң алгачкыларынан болуп саналары талашсыз. Россиялык мезгилдүү басма сөз беттеринде (“Русский вестник”, «Туркестанские ведомости» ж.б.) Европалык Россиядан Туркестан аймактарына, биринчи кезекте Олуя-Ата уездине (Талас дарыясынын жогору жагы) дыйкандардын көчүп келип отурукташа баштагандыгы, Талас өрөөнүндө орус кыштактарынын пайда болгондугу, мындан тышкары колонияга чейинки тарыхы аркылуу жергиликтүү жашоочулары тууралуу маалыматтар жарыяланган.

Талас өрөөнүнүн жана Талас шаарынын тарыхын иликтөөгө ТАСИнин отурумдарында Талас өрөөнүнүн байыркы коргондору, бир катар изилдөөлөрү, орхон жана уйгур жазуулары тууралуу ачылыштары, археологиялык табылгалары, жаралуу тарыхы, Талас өрөөнүндөгү жана Жети-Суудагы орус кыштактарынын жашоосу жана чарбачылыгы тууралуу баяндамаларды жасаган В.А. Каллаур, А.А. Кауфман, В.Р. Розен, В.В. Бартольд, Н.И. Гродеков, Веселовский Н.И. ж.б. россиялык изилдөөчүлөр чоң салым кошушкан.

*Экинчи топту* Кыргызстандын коомдук-экономикалык өнүгүүсүнө арналган совет мезгилиндеги кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн эмгектери түздү. Джамгерчинов Б.Дж. [126], Усенбаев К.У. [156], Зима А.Г. [130] өз эмгектеринде Кыргызстандын Россия империясынын биригүүсүнүн тарыхын, ролун жана маанисин изилдөөгө алышкан. Кыргызстандагы өнөр

жайдын өнүгүшү Аттокурова С.А. [109, 110, 111, 112]. Омурзаков С. [149], Б.А. Нурунбетовдордун [202] монографияларында талданган, алар Кыргызстандын өнөр жайындагы жумушчу кадрлардын калыптануусун жана өсүшүн иликтөөгө алышкан. Н.В. Алишов [190], У.Ш. Джакуповалар [194] өз эмгектеринде кесиптик-техникалык системадагы квалификациялуу адистерди даярдоо маселелерин караган.

Чүй жана Талас өрөөнүндөгү урбанизация процессин иликтөөдө жана тарыхый эстеликтерди изилдөөдө А.Н. Бернштам [117, 118], П.Н. Кожемяко [113], В.Д. Горячева жана С.Я. Перегудова [123], И. Жумагулов [129], Эсен уулу К. [158] көп эмгек жасашкан. Д.С. Лосевдин «Города Киргизии. Краткий указатель» аттуу эмгегинде Кыргызстандагы шаарлардын, анын ичинде Талас өрөөнүнүн жаралышына өбөлгө түзгөн шарттарды жана себептерди белгилейт [142]. Белиницкий А.М., Бентович И.Б., Большаков О.Г. «Средневековый город Средней Азии» аттуу жамааттык эмгегинде Талас жана Жети-Суу өрөөндөрүндөгү калк жайгашкан кээ бир аймактарды жана шаарларды жана Орто Азиянын борбордук бөлүгүндөгү калктын санын салыштырма талдоого алышкан [115].

Ата мекендик историографияда Кыргызстандын конкреттүү шаарларын талдоого алган эмгектер аз. Бишкек жана Ош шаарларынын тарыхый-маданий тарыхы тууралуу системалуу маалымат берген эмгектер бар. Алардын авторлору академиялык тарых илиминин өкүлдөрү В.Я. Галицкий «История города Пишпека» [121] жана В.М. Плоских менен авторлош «Старинный Ош» [122], Ж.М. Малабаев "Бишкек – столица Кыргызстана" [143] эмгектеринде бул шаарлардын жаралышын жана түптөлүүсүн биринчилерден болуп изилдешкен. Ош шаарынын тарыхы Б.К.Абытовдун диссертациясында кылдат иликтенген [189]. Каракол шаарынын тарыхы Т.М. Рыскуловдун кандидаттык диссертациясында [206] каралат, Таш-Көмүр шаарынын тарыхын Г.Жумашова [197], Өзгөн шаарынын тарыхын О.А.Ташмаматов изилдеген [208], Түрк каганаты доорундагы Тянь-Шань регионунун шаар маданиятынын тарыхы В.Д.Горячеванын докторлук диссертациясынын негизин түзгөн [193]. Талас облусунун постсоветтик мезгилдеги тарыхын Р.Т. Конокбаев [199] изилдеген. Талас шаарынын тарыхы кыргыз жана орус тилдеринде К.А.Кенешбековдун брошюрасында [134] орун алган.

*Үчүнчү топко* кыргыздардын тарыхын чагылдырган жана постсоветтик мезгилде жарык көргөн көптөгөн эмгектер кирди. Булар – падышачылыктын көчүп-конуу саясатын иликтеп, шарттуу түрдө төрт мезгилге бөлүп караган С.А. Ташболотованын [207], россия-совет доорундагы Кыргызстандын өнөр жайынын тарыхын иликтеген А.А.Арзыматованын [191], жеңил өнөр жайынын өнүгүү маселелерин талдаган К.К. Батыркуловдун [192], А.А. Маматкаимовдун [201] илимий изилдөөлөрү. Т.А. Абдырахмановдун [187], Ж.О. Омурованын [203]

эмгектеринен Кыргызстандын экономикасынын өнүгүүсү тууралуу кеңири маалыматтарды алып, Талас шаарынын жылдык архивдик материалдары менен салыштырууга болот. Өлкөбүздөгү жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнө Т.А. Абдырахмановдун [188] изилдөөлөрү арналган.

«Кыргызстан в цифрах» [140] аттуу статистикалык жыйнактан шаардын түзүлүшү, мамлекеттик мекемелердин ишмердүүлүгү, экономиканын, билим берүүнүн, маданияттын өнүгүүсү тууралуу ар кыл багыттагы маалыматтарды табууга болот. Кыргызстандын шаарларындагы, анын ичинде Талас шаарындагы да миграция процессинин таасири жана аны жөнгө салуу иштери тууралуу изилдөөлөр жүргүзүлгөн [212, 213, 214].

Талас шаарынын тарыхын иликтөөгө көптөгөн аймак таануу жана архивдик материалдарды топтогон жана республикалык, облустук басылмаларга Талас шаары тууралуу бир катар макалаларды жарыялаган Талас шаарынын №2 орто мектебинин мугалими Рысакова Р.Я. зор салым кошкон [60]. Анын аракеттеринин натыйжасында Талас шаары жана Талас өрөөнүнүн тарыхына арналган аймак таануу музейи түзүлгөн жана ал бүгүнкү күндө Таластагы жападан-жалгаз аймак таануу музейи болуп саналат.

Талас шаарынын тарыхы тууралуу айрым фактыларды энциклопедиялардан [119, 141], «Кыргыз ССР тарыхы» сымал фундаменталдык басылмалардын материалдарынан [132] алса болот. Республикалык жана облустук мезгилдүү басылмаларда Талас шаарынын тарыхы тууралуу айрым бир макалалар жарыяланган.

Талас өрөөнүнүн постсоветтик мезгилдеги тарыхы «Таласская область» энциклопедиясында [157] чагылдырылган, Талас шаарынын жана Талас облусунун юбилейлик даталарына карата брошюралар жана ТМУда өткөрүлгөн илимий-тажрыйбалык конференциялардын материалдары жарык көргөн.

Бүгүнкү күндө Талас шаарынын тарыхын чагылдырган монографиялык иштер же диссертациялар жок.

Тандалган тема боюнча адабияттарды талдоону жыйынтыктап жатып, республикалык историографияда аталган маселенин толук изилденбегендиги изилдөөнүн объектиси катары тандап алуу мотивдеринин бири болуп бергенин белгилеп коюу керек.

**Изилдөөнүн объектиси** – Талас шаарынын тарыхы.

**Изилдөөнүн предмети** – Талас шаарынын пайда болуу, түптөлүү жана өнүгүү, анын колония курамындагы, советтик жана постсоветтик доордогу коомдук-экономикалык жана маданий өнүгүүсү.

**Диссертациянын темасынын башка илимий программалар менен байланышы.** Аталган диссертация демилгелүү эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациянын максаты болуп, 1877-2010-жылдардагы Талас шаарынын коомдук-экономикалык

жашоосун конкреттүү архивдик, статистикалык материалдардын ж.б. тарыхый булактардын негизинде системалуу жана хронологиялык уламалуулук анализдер саналат. *Төмөндөгүдөй милдеттер аныкталган:*

- Талас шаарынын тарыхы боюнча ар түрдүү маалыматтарды, мындан тышкары шаардын жаралуу тарыхын теориялык жана тарыхый аспектилерди заманбап тарыхый ой жүгүртүүлөрдүн өңүтүнөн карап чыгуу;
- Талас шаарынын пайда болуусунун коомдук-экономикалык, саясий жана маданий шарттарын анализдөө;
- совет доорундагы облустук борбор катары Талас шаарынын коомдук-экономикалык, маданий өнүгүүсүн изилдөө;
- Талас шаарынын өнөр жайынын жана инфраструктурасынын абалын жана анын эгемендүүлүк доорундагы коомдук-экономикалык жана маданий деңгээлин аныктоо;
- Талас шаарынын постсоветтик мезгилдеги билим берүү системасына мүнөздөмө берүү;
- изилдөөлөрдүн жыйынтыгынын негизинде, шаардын коомдук-экономикалык жашоосун аталган тармактар боюнча жакшыртууга багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн хронологиялык чеги** XIX кылымдын аягынан 2010-жылдарга чейинки мезгилди камтыйт, баштапкы мезгилде келечектеги облустук борбор катары Талас шаары негизделген. Талас шаары Талас өрөөнүндөгү Россия империясынын административдик-аскердик таяныч бөлүгүнөн баштап, Кыргыз Республикасынын административдик-саясий, экономикалык жана маданий борборлордун бирине чейинки жолду басып өттү.

**Диссертациянын теориялык жана методологиялык негиздери:** диссертациялык изилдөөнүн предметин изилдөөгө төмөндөгүдөй ыкмалар пайдаланылды:

- *салыштырма-тарыхый ыкма* Талас шаарынын 1877-2010 жылдардагы коомдук-экономикалык жана маданий жашоосун иликтөөдө пайдаланылды. Талас шаарынын көрсөткүчтөрү республика боюнча жалпы көрсөткүчтөр менен салыштырылып каралды;
- *проблемалык-хронологиялык ыкма* Талас шаарынын коомдук-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн хронологиялык тартипте иликтөөдө колдонулду;
- *тарыхый-системалаштыруу ыкмасы* аркылуу Талас шаарынын коомдук-экономикалык жана маданий жашоосу жалпы Кыргызстандын жана Талас облусунун коомдук-экономикалык жана маданий жашоосу менен тыгыз байланышта изилдөө аракеттери жүргүзүлдү;
- *анализ-синтез ыкмасы* Талас шаарынын коомдук-экономикалык жана маданий өнүгүү көрсөткүчтөрүн объективдүү талдоону шарттады.

**Булактык базасы** катары КР БМАнын (ф. 20–22, 105, 462, 1445, 1456, 1458, 2116, 2385, 2489), КР СДБМАнин (ф. 56, 925),Талас облустук архивдин (ф. 69, 88), Талас районунун архивинин (ф. 69, 88), Таласского городского архива (ф. 93, 58, 10, 12, 1, 9, 27, 16, 46, 325), Талас шаарындагы №2 орто мектебинин аймак таануу музейинин, Талас шаарынын, ТМУнун, Айыл-чарба техникумунун, "Мээрим" БББнын материалдары пайдаланылды. Теманы изилдөөдө республикалык жана Талас шаарынын 1939-жылдан 2005-жылдар аралыгындагы мезгилдүү басылмалар материалдары жана интернет-ресурстар олуттуу жардам берди.

Диссертациянын максатына жетүүдө Кыргызстандын коомдук-экономикалык абалы тууралуу маселелерге арналган эл аралык семинарлардын, конференциялардын материалдары белгилүү өлчөмдө көмөк көрсөттү.

Бирок, мындай топтогу материалдарда Талас шаарынын коомдук-экономикалык өнүгүүсү боюнча адабияттар өтө аз экендигин белгилей кетүү керек. Кыргызстандын коомдук жашоосу тууралуу статистикалык, социологиялык материалдардан азыраак маалымат алынды.

Жалпы жонунан Талас шаарынын тарыхын изилдеп, аны калыбына келтирүү үчүн маалыматтар булагы көп жана ар түрдүү десе болот, бирок шаардыктардын жашоосунун бардык этаптары жана ар кыл тараптары биз каалагандай деңгээлде толук ачылган эмес. Тандалып алынган тема боюнча адабияттарга сереп салып жатып, аталган маселе боюнча республикалык историографиядагы иштетилбегендиги изилдөөнүн объектиси катары тандап алуунун себептеринин бири болгондугун белгилеп коюу зарыл.

**Диссертациянын илимий жаңычылдыгы.** Диссертациянын илимий жаңылыгы коюлган максат жана тапшырмаларга ылайык. Анда биринчи жолу Талас шаарынын өнүгүшүнүн теориялык жана тарыхый өбөлгөлөрүн Талас шаарынын түзүлүшү жана андан аркы өнүгүшү тактап айтканда:

- илимий айлампага биринчи жолу борбордук архивдердин, облустук жана райондук, Талас шаарынын мекемелеринин учурдагы архивдик фонддору киргизилди, ошондой эле изилденген проблема боюнча фактылык материалдарды анализдөө жана систематташтыруу ишке ашырылды.
- Талас шаарынын өндүрүшүнө, инфраструктурасына жана билим берүү системасына комплекстүү анализ жүргүзүлүп, ошондой эле Талас шаарынын социалдык-экономикалык жана маданий жашоосу ретроспективдүү өңүттө берилди.

**Иштин практикалык мааниси** мамлекеттик органдар тарабынан эмгектин корутундусунда келтирилген изилдөөнүн жыйынтыктарын, сунуштарын Кыргызстандын шаарларынын, анын ичинде Талас шаарынын коомдук-экономикалык өнүгүүсүндө пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүдө колдонуу мүмкүнчүлүктөрү менен аныкталат. Изилдөөнүн натыйжалары жана материалдары жалпылаштыруучу монографияларды, Кыргызстандын

тарыхы боюнча окуу куралдарын даярдоодо, атайын курстарды окууда, мындан тышкары жалпы окурмандарда кызыгуу жаратары шексиз.

**Коргоого чыгарылган негизги жоболор**

- коомдун өнүгүүсүндөгү бурулуш мезгилдерден өтүү учурунда шаарлардын өнүгүү тарыхын изилдөө маселеси актуалдуу б.с. Талас өрөөнүндөгү шаарлардын түптөлүшү жана өнүгүүсү советтик историографияда белгиленгендей, Кыргызстандын Россия империясына кошулуусунан кийин эмес эле, ага чейин башталган. Археологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча, азыркы Талас шаарынын ордунда, орто кылымдарда Орто Азиянын соода жолдорунун боюнда жайгашкан Ак-Төбө (Ак-Чий) шаары болгон, ал эми Дмитриевка айылы (келечектеги Талас шаары) Россия империясынын колониялдык системасынын аскердик таяныч бөлүгү катары негизделген.
- Дмитриевка кыштагы 1944-жылы Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде аскердик иш-аракеттер аймагындагы качкындарды жана репрессиялангандарды, ошондой эле аскердик өндүрүмдөрдү (өтүк жана гимнастеркаларды) жана ар түрдүү майларды чыгарган жеңил жана тамак-аш өнөр жайларынын жабдууларын көчүрүп кетүүнүн натыйжасында шаар макамына ээ болгон.
- Талас шаарынын коомдук-экономикалык өнүгүшүнүн тарыхый өзгөчөлүктөрү катары кийим, бут кийим тигүү өндүрүшүнүн, ошондой эле май жана нан заводдорунун өнүгүүсү саналат. Совет мезгилиндеги элге билим берүү тармагында орто жана атайын орто билим берүү системасына өзгөчө көңүл бурулган.
- Совет мезгилинен кийинки доордо базар мамилесине өткөндүктөн, Талас шаарынын жеңил жана тамак-аш өндүрүүчү ишканалары кирешесиз жана зыяндуу болуп калды. Чакан жана орто ишканалар пайда болду.
- Талас ш. коомдук багытта турак-жай маселеси, телефондук байланыш жана калкты электр энергиясы менен камсыздоо маселелери турду. Оң тенденция катары жумушсуздук боюнча жөлөк пулдардын төлөнүшүн жана чакан, орто бизнестик насыя берүүлөрдө байкалган.
- Билим берүү тармагында жүргүзүлгөн реформалардын натыйжасында, Талас шаарында акы төлөнүүчү билим берүүчү мекемелер пайда боло баштаган; Талас мамлекеттик университетинин негизделиши Талас өрөөнүндөгү илим жана маданияттын өнүгүшүнө жагымдуу шарт түздү.
- Талас шаары жана облус толугу менен дотациялык багытта болгондуктан, КР Өкмөтү тарабынан шаардын калкынын коомдук жашоосун жакшыртуу, экономикасынын өсүшүн шарттоо максатында кошумча каржылык жана башка каражаттар бөлүнүп турат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** Талас шаарынын XIX кылымдын аягынан 2010-жылдар аралыгындагы коомдук-экономикалык жана маданий өнүгүүсүн конкреттүү адабий жана архивдик булактардагы материалдардын негизинде талдоо жүргүзүү.

Архивдерден иликтөөгө алынган материалдар биринчи жолу илимий айлампага салынып отурат. Тилекке каршы, бул архивдер фонддорго бөлүштүрүлүп, талданган эмес, ошондуктан жөнөкөй факты жана сандарды камтыган чачкын, бытыранды архивдик материалдардын арасынан иргеп чыгууга туура келди. Баалоочу материалдардын жетишсиздиги жана иргеп чыгуу процесси тема боюнча суроолорду жалпылап жана талдоону бир топ кыйындатты.

**Иштин апробациясы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары ар түрдүү республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда апробацияланды.

**Жыйынтыктардын толук чагылдырылышы.** Ата Мекендик жана чет мамлекеттик илимий жыйнактарда 17 макала жарык көргөн, алардын ичинен 3сү – РИНЦ.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Изилдөө киришүүдөн, 3 баптан, кортундудан, 221 аталыштагы колдонулган адабияттардын тизмесинен практикалык сунуштардан турат. Ишитин көлөмү-168 б.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**“Россия империясынын доорундагы Талас шаарынын түптөлүшүнүн жана өнүгүүсүнүн тарыхый өбөлгөлөрү”** аттуу *биринчи бапта* Кыргызстандын шаарларынын пайда болушунун теориялык жана тарыхый шарттары, Талас шаарынын Россия колониясынын мезгилиндеги түптөлүшү жана коомдук-экономикалык жана тарыхый шарттары чагылдырылган.

Шаардын түптөлүшүнүн тарыхый процесси, биринчи кезекте, жер иштетүүдөн кол өнөрчүлүк жана соода-сатыктын бөлүнүн чыгышы менен байланыштуу, бирок конкреттүү бир кырдаалдарда өзгөрүүлөргө кабылткан башка факторлор да таасирин тийгизген. Айрым учурларда алгач шаарлар чындап эле коргонуу бөлүгү катары, т.а. алар кол өнөрчүлүк жана соода-сатык менен алектенген калкты коргоого муктаж болгондорду өзүнө тарта баштаган.

Башка учурларда шаарлар колонизация үчүн башкаруу борборлору катары түзүлө баштаган, бирок мындай шартта деле алар кыштактарда колунда бар сатып алуучулары бар кол өнөрчүлөрдү жана соодагерлерди өзүнө тартууга жана базар мамилеси үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө тийиш болгон.

Кыргызстандын шаарларынын өнүгүш тарыхы өндүрүүчү күчтөрдүн өнүгүшү жана отурукташуу тарыхы менен байланышкан. Талас өрөөнүнүн урбанизациясы Тянь-Шанда Батыш-Түрк каганатынын пайда болушуна

чейин эле башталган жана согдиялык жер иштетүүчүлөр, кол өнөрчүлөр жана соодагерлердин маданий өздөштүрүүсү менен башталган. Алар Самаркanddык жана Бухаралык Согдадан Ташкенттик оазис (Шаш-Илака облусу) аркылуу өткөн соода жолдорунун, Талас жана Чу дарыяларынын боюна, Ысык-Көлдүн жээгине жана Тянь-Шань тоолорунун ашууларына – Чыгыш Туркестан жана Кытай – сарайларды, чептерди кура баштаашкан, башка салаасы Ил дарыясынын боюна, т.а. Түштүк Сибирь жана Монголияга кеткен. Талас өрөөнүнүн аймагында орто кылымдык шаарлар пайда боло баштаган.

«Талас» деген сөз иран-самодиялык жана синкреттик тил топторунун тилдик контексттеринде кездешкен, «тал» сөзү – дөбө, дөңсө, дөбөчө, ал эми «ас» суу, дарыя дегенди түшүндүрөт. Араб маалымат булактарына таянсак, «таластык» кыргыздар карлуктар сымал Алтайдан көчүп келгендер болуп саналат. Ага карабай, Алтай байыркы мезгилдерде Тулас, Тулес (балким, Талас) деп аталганы да белгилүү. Ошондуктан “таластык” кыргыздар отурукташкан Талас өрөөнү так ошолор (карлуктар) тарабынан Талас (Тулас, Тулес) деп аталышы толук мүмкүн. Ушундан улам ошол жерде (азыркы Жамбулдун ордунда) жайгашкан Тараз (Талас) шаарынын аталышы келип чыгышы мүмкүн.

Талас шаарынын аймагында орто кылымдарда Талас дарыясынын жээктеринде жайгашкан Талас өрөөнүндөгү орто кылымдагы ири калктуу пункт болуп эсептелген Ак-Төбө шаарчасы орун алган. Ошол аймактардан табылган шаарчанын калдыктары жана эстеликтер В.В. Бартольд, В.А. Каллаур, П.П. Иванов, М.Е. Массон, Г.Е. Пугаченкова, Б.Э. Аманбаевалар тарабынан иликтенген.

Шаар кол өнөрчүлүк жана соода иштерин өнүктүрүүдө маанилүү функцияларды аткарган, базар мамилеси үчүн жагымдуу шарттарды түзгөн. XX кылым империянын артта калган колониялары үчүн урбанизация кылымы болгон. Революцияга чейин Россия империясынын курамында болгон Кыргызстан да четте калган эмес. Россия империясына кошулгандан кийин, анан да Октябрь революциясынан кийин Таластын отурукташкан мүнөздөгү жер иштетүү маданияты акырындап шаар тибине айлана баштайт. Кыргызстандагы айылдардын шаарларга айлануусу бир катар өзгөчөлүктөргө ээ. Талас өрөөнүндөгү шаарлар түрк жана араб цивилизацияларынын таасиринде орто кылымдарда пайда боло баштаган. Тарыхый фактылардын негизинде Талас өрөөнүндөгү калк жайгашкан аймактар X к. пайда болгон деп далилдөөгө болот. Мындан тышкары, археологдор Бол (т.и.д. Горячева В.Д.) Кыргызстандын аймагындагы шаарлардын курулуусунун баштапкы этабы (анын ичинде, Чу жана Талас дарыяларынын аймагында) VI кылымдын аягында катталган деген концепцияны сунуштайт.

Кыргызстан Россияга кошулгандан тартып, Талас өрөөнүндөгү калк жайгашкан аймактар орустардын саясий жана экономикалык борборлоруна айланган. Падышачылык Россия Туркестанда колониалдык режимдин бекем таяныч-коргоочулары катары оокаттуу орус дыйкандарын активдүү көчүрүп келүү саясатын жүргүзө баштаган. Аны ишке ашыруунун натыйжасында жаңы кыштактар пайда боло баштаган. Талас өрөөнү да четте калган эмес. Орус-украин кыштактары, аны менен катар немец кыштактары орун ала баштаган. Ак-Чий кыштагына 1877-жылдан тартып көчүп келе баштакшан. Ак-Чий кыштагынын түптөлүшү Талас шаарынын өнүгүшүндөгү негизги этаптардын бири болгон. Көчүп келип отурукташкандардын кыргыздардын коомдук-экономикалык жашоосуна тийгизген оң таасирлерин белгилей кетүү зарыл. Жергиликтүү калк келгиндерди башында жакшы кабыл алышкан, бирок алардын саны көбөйгөн сайын жергиликтүү калк тоо этектериндеги башка жерлерге көчүп кетүүгө аргасыз болушкан.

Россиянын падышалык башкаруунун бийлигин бекемдөө үчүн жүргүзүлгөн көчүп жайгашуу саясаты жергиликтүү калкка да экономикалык кирешелерди алып келе баштаган. Оң таасирлеринин дагы бири – жергиликтүү калктын билим алуусу жана чарбалык-маданий тажрыйбаларын өздөштүрүүгө шарттардын түзүлүүсү. 1889-жылы Ак-Чий кыштагында бир жылдык сабаттуулук мектеби ачылган. Бул мектептин башчысы Ак-Чий кыштагынын биринчи чиркөө кызматкери Дмитрий Домаскин, ал эми мугалими Екатерина Щербакова болгон. Бирок, падышалык башкаруу жергиликтүү калктын балдарынын окуусуна чектөө койгон.

1898-жылы В.А. Каллаур тарабынан Алтабай деген жерде (Дмитриевка к. чет жагында) рун жазуусу бар тарыхый объект табылган, анда кыргыз элинин калыптануусуна байланышкан тарыхый-этнографиялык маалыматтар боюнча отуз оглан (Отуз улан) этникалык аталыш кезигет. Жалпысынан Таласта 11 рун жазуулары табылган.

1891-жылы Иван аттуу чиркөө кызматкеринин сунушу боюнча, Ак-Чий кыштагында чиркөө салынып, ал Дмитрий Домаскиндин урматына анын аты менен аталган, кийин Ак-Чий кыштагы Дмитриевский а. делип, андан кийин Дмитриевка деп атала баштаган. Бул жерде белгилей кетчү нерсе, Ак-Чий кыштагынын Дмитриевское а. деп аталышы Дмитрий Домаскиндин жеке сапаттары менен гана байланыштуу болбостон, балким, ошол мезгилдерде 1900-жылдан 1914-жылдарга чейин орус улуттук күрөш толкуну жарала баштагандыгы менен байланыштуу болгон.

Ак-Чий айылынын Дмитриевка айылы деп аталышы тууралуу башка да көз караштар бар. Ак-Чий айылынын атынын өзгөрүшүнө Дмитрий Кохановдун да салымы бар.

Кийинчерээк Дмитриевка а. билим берүү системасы өзгөрүүлөргө учураган. Диний тарбиялоо натыйжалуу болушу үчүн Приходдук 4 жылдык орто окуу жайы православие дининдеги чиркөө менен бириктирилген жана ага ылайык, чиркөө-приходдук мектеби деп аталган. Чиркөө-приходдук мектептин башчысы болуп Матвей Михайлович Гостев кала берген. М.Гостевдин окуучуларынын арасында Талас өрөөнүндөгү кыргыздардын ичинен А.Чолпонкулов болгондугун белгилей кетүү зарыл. Ал окуусун 1889-жылы Олуя-Атадан, кийин 1896-жылы Ташкенттен уланткан. Окуусун бүтүргөндөн кийин, орус-тузем мектебинде (Маргаланда, Ташкентте, Меркеде, Кара-Буурада ж.б.) мугалим болуп эмгектенген, совет бийлиги орногондон кийин Талас жана Чүй өрөөндөрүндө иштеген. Ошентип, жогоруда айтылгандардын негизинде орус-тузем мектеби билим берүү тармагында жергиликтүү калкка чектөө киргизгендигине карабастан, билим берүү системасына чоң салым кошкон.

Революцияга чейинки мезгилде Талас өрөөнүндө болуштуктардын саны ар түрдүү жылдарда бирдей болгон эмес. Калктын өсүшү, көчмөн коомдун бир орундан экинчи орунга регулярдуу түрдө көчүшү болуштуктарга бөлүнгөн же коңшу аймактарга берилген.

XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Талас өрөөнүнүн чыгыш бөлүгү 8 кыргыз болуштугунан турган (Кара-Буура, Бакайыр, Боо-Терек, Беш-таш, Үч -Коргон, Кең-Кол, Каракол, Күркүрөө) жана 5 көчүп келгендер жашаган болуштуктан турган (Ленин-Поль, Покровка, Дмитриевка, Гродикова жана Александровка) [31].

Кыргызстанда Россиянын падышалык башкаруу саясатын ишке ашыруунун жүрүшүндө коомдук-маданий жана негизги экономикалык объектилерге багытталган уезддик шаарлар пайда боло баштаган. Калктын санынын өсүшү менен мында Талас өрөөнү боюнча ири базар, фельдшердик-амбулатордук пункт, орус-тузем мектеби, тегирмен иштей баштаган. Бул Дмитриевка айылынын облустук борбор катары өнүгүшүн шарттаган.

Айылдарда элдердин улуттук курамы өзгөргөн. Орустар, Украинадан көчүп келгендер жана немецтер жер иштетүүнү өнүктүрүүгө салым кошушкан, сатыкты кеңейтүү, айыл-чарба азыктарын иштетүү аз да болсо иштей баштаган. Бир катар жумушчулар кыштактары пайда болуп, алар кийин советтик бийлик учурунда шаарларга өсүп жеткен. Дмитриевка кыштагынын негизделишинин тарыхый шарты Орто Азия чөлкөмүндө бийлик кылган Россия падышачылыгынын колониалдык саясатына байланыштуу болгон. Ошол эле мезгилде жергиликтүү эл кыйын акыбалда калган, көчүп келгендер иштетилүүчү жерлерди ээлеп алгандыктан, алар Кең-Кол тарапка сүрүп чыгарылган.

*Экинчи бап* **«Совет мезгилиндеги (1917-1991) Талас шаары»** деп аталып, анда совет бийлигинин орношу жана Талас шаарынын совет

мезгилиндеги коомдук-экономикалык өнүгүүсү каралат. Ташкенттеги куралдуу көтөрүлүштүн жеңиши менен Кыргызстанда совет бийлиги баарынан мурда анын түштүк жана батыш райондорунда – Сүлүктү жана Кызыл-Кыяда орногон экен. 1917-жылдын ноябрь айында Совет бийлиги бүтүндөй Сыр-Дарыянын боюна, анын ичинде Таластын жерлери кирген Олуя-Ата уездинде орногон.

Дмитриевка айылына Совет бийлиги аскер күчтөрүнүн жардамы менен күчтөп киргизилген. Айыл-кыштактардагы кулак, манаптар совет бийлигинин иш-аракеттерине каршылык көрсөтүшүп, аны кулатып жиберүүгө аракет жасашкан. Кулактар жана бай-манаптардын контрреволюциялык борбору Талас, Беловодск, Куршаб, Араван, Доорат-Коргон, Айым-Кыштак айылдарында жайгашкан. Дмитриевкадагы кулак, бай-манаптардын көтөрүлүшү калктын арасындагы өздөрүнүн материалдык абалынан кол жууп калгысы келбеген, оокаттуу катмардын өкүлдөрүнүн демилгеси менен уюштурулган. Совет бийлиги азык-түлүктөрдү жыйноо иштерин баштайт, бул нерсеге нааразы болгон Дмитриевка айылынын жашоочулары падышалык армиянын фельдбели Балабанов, чиркөө кызматкери Фибейский, жергиликтүү ишкер Леонтьевдердин жетекчилиги астында Ключовка, Покровка, Грозный айылдарында, Талас шаарында көтөрүлүшкө даярдануу аракеттери жүргөн. Куралдуу күрөштүн чыңалуусу күчөй берген. 1918-жылдын август айынын аягында Таластагы кулактык козголоң Кызыл Армия отряды тарабынан жок кылынган. Ошентип, Дмитриевка айылында совет бийлиги куралдуу күчтөрдүн жардамы менен орнотулган. Большевиктер партиясына кыргыздардан биринчилерден болуп, 1920-жылы Тургуналы Джолоев жана Эсеналиев Эркинбектер киришкен.

1919-1920 жж. Киргизияда, башка өлкөлөрдөгүдөй эле, партиялык комитеттердин алдында кыз-келиндер бөлүмү ачылган. Кыз-келиндер бөлүмү жумушчу жана дыйкан үчүн конференцияларды өткөрүшкөн, делегаттык чогулуштар чакырылган, аялдар советтик, профсоюздук ж.б. коомдук иштерге, өндүрүштөргө чакырылган. Бул багытта Талас облусунда да көп иштер жасалган. Дмитриевка айылындагы биринчи активист-айым – Склярова Агафья Григорьевна болгон.

Талас өрөөнүндө 4 район уюшулат: Рыковский, Дмитриевск, Талас, Кара-Ой.

Коллективдештирүү иштери башталган, сабатсыздыкты жоюу иштери жүргүзүлгөн, аялдар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүчү кыз-келиндер бөлүмдөрү, телефон жана телеграф линиялары, биринчи электростанциялар ачылган. Бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпой келе жаткан Жамбул – Талас жолун куруу иштери башталган. Жогоруда аталган өзгөрүүлөр революцияга чейинки мезгилдерге караганда элдин саны кескин өсүп бара жаткан шаарлардын өсүшүнө жана өнүгүүсүнө оң таасирин

тийгизген. Шаардын сырткы көрүнүшү, улуттук курамы, шаардыктардын жашоо жана эмгек шарттары өзгөрдү. Талас өрөөнү да биздин өлкөнүн бардык башка аймактары сымал четте калган эмес жана мында жергиликтүү калктын жашоосунда өзгөрүүлөр байкалды.

Совет мезгилиндеги Талас шаарынын коомдук-экономикалык өнүгүүсүнүн жакшы жактары да бар эле. Улуу Ата Мекендик согуш Талас айылынын Талас шаары катары өзгөрүүсүн шарттаган. Талас шаарында 1957-жылы эки орто, эки жети жылдык мектептер, жумушчу жаштардын мектеби, Маданият үйү, эки кинотеатр, үч китепкана, парк жана стадиондор иштей баштаган.

Калктын жалпы саны 14 миң адам болгон. 1944-1991 жылдарга чейин, Талас шаары төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө ээ болгон: башында фронтко, тынчтык мезгилде калк үчүн зарыл нерселерди чыгарган жеңил өнөр жай мекемелери ачыла баштаган. Талас шаарынын азык-түлүк өндүрүшү өзүнө шаар тургундарын зарыл азык-түлүктөр менен камсыздоочу нан заводун, сыра заводун камтыган. Билим берүү системасы 9 мектептен турган. Көпчүлүк мектептердин окутуу тили – орус тили, ал эми №1 мектептин окутуу тили кыргыз тили болгон. 1976-жылы Кыргыз ССР компартиясынын шаардык комитети ачылган. Партиялык уюм коомдук-экономикалык жашоону көзөмөлдөп, идеологиялык борбордун милдетин аткарган. Коммунистттик партиянын ролунун жогорулашы менен өлкөнүн коомдук жашоосу 1980-жылы кайра түзүлгөн. Талас шаардык коммунисттик партиясынын биринчи катчысы болуп О.П. Михайлов дайындалган.

***Үчүнчү бап*** «Эгемендүү жана көз каранды Кыргызстандын мезгилинде Талас шаарындагы коомдук-экономикалык өзгөрүүлөр» деп аталып, анда Талас шаарындагы өнөр жай, каржы, коомдук-маданий түзүлүш, орто атайын орто жана жогорку билим берүүнүн түптөлүшү сыяктуу маселелер каралган.

1990-жылы шаарда көптөгөн мамлекеттик мекемелер – соттук-укуктук, укук коргоо, административдик, партиялык, билим берүүчү жана мектепке чейинки билим берүү, дарылоо жана санитардык, транспорт жана байланыш, профсоюздук мекемелер, ыктыярдуу коомдор, союздук комитеттер, даярдоочу мекеме жана коомдук тамак-ашты камсыз кылуучу ишканалар иштеген. 5 миң окуучусу бар 6 жалпы билим берүүчү мектеп, 1 сегиз жылдык интернат, шаардык кесиптик билим берүүчү училище, медучилище, 11 мектепке чейинки мекеме, музыкалык мектеп, мектеп аралык жана тармактык окуу-өндүрүштүк комбинаты иштеген. Шаарда борбордук китепкана жана анын 4 филиалы, балдар китепканасы, балдар жана өспүрүмдөр спорт мектеби, ипподром, 2 миң орундук стадион, маданият үйү, “Родина” кинотеатры, кинопрокат иштеген.

Советтер Союзу кулагандан кийин шашылыш түрдө көз карандысыз эркин мамлекеттер түзүлгөн. Кыргызстандын мурунку союздук

республикалар менен соода-сатык жана экономикалык байланышы жана анын ичинде өндүрүштүк жана айыл-чарба азыктарын камсыздоосу кыскарган. Саясий өз алдынчалыкты алгандыгына карабастан, Кыргызстан экономикалык жактан башка мамлекеттерге көз каранды бойдон кала берген. Бул республиканын өндүрүшү жалпы союздук элдик өндүрүштүн комплексинде негизинен сырьену камсыздоого адистештирилгендиги менен түшүндүрүлгөн. Даяр продукция өлкөнүн башка региондорунда жасалып чыгып, аны сатуудагы каражаттар союздук бюджетке түшкөн. Он жылдап түзүлгөн экономикалык байланыш үзүлгөндүктөн, республика оор материалдык жана финансылык абалда калган.

Талас шаарында советтик мезгилден кийин мал чарба азыктарын даярдоо өндүрүшү өскөн. Талас шаарында өндүрүлгөн продукция иштетилбестен, коңшу мамлекеттерге төмөн баа менен сырье катары кетип турган. 1994-жылы шаардагы өндүрүштүн өнүгүүсү төмөндөгүдөй болгон. Шаардагы өндүрүштүк азыктардын салыштырма салмагы республикалык жалпы өндүрүштүк продукциянын 0,7% түзүп, 41900 сомду түзгөн. Өндүрүш иштетип чыгарууга сунушталган. 2005-жылга карата шаардын аймагындагы көп ишканалар иштеген эмес, алардын материалдык-техникалык базасынын эң төмөн баада сатылып кеткендиги негизги себеп эле. Жаңы технология боюнча жабдыктарды алуу үчүн чоң финансылык каражаттар талап кылынып, ишканалардын жетекчилери тарабынан ишкананы ишке киргизүү боюнча эч кандай иш-аракеттер жасалган эмес. Ишкерлерге Өкмөт тарабынан да эч кандай жардамдар көрсөтүлгөн эмес, кредит бөлүп берүүдө узак мөөнөткө берүү же пайызды төмөндөтүү каралган эмес. Чет элдик инвестицияны тартуу боюнча активдүү иштер жүргүзүлгөн эмес, биргелешкен ишканаларды түзүү каралган эмес.

Өнөр жай өндүрүшүнүн Талас областындагы Талас шаарынын үлүшү 75% түзгөн. Облустагы өндүрүштүк ишканалардын 70% Талас шаарынын аймагынан орун алган.Талас шаарындагы негизги өндүрүштүк багыттарга тамак-аш, тигүү, жана кайра иштетүүчү ишканалар кирет. Кайра иштетүүчү ишканалардын үлүшү жалпы өндүрүштүн 60% түзөт. 25% жакын ишканалар өз чыгымын жаппай иштеп келген. Өндүрүштүк күч алсыз, имараттар жана жабдыктар эски жана жараксыз болгон. Өндүрүштүк күчтүн даражасы 10-15% түзгөн.

Ошого карабастан шаарда май өндүрүүчү өндүрүш сакталып, өзүнүн продукциясын Таластан башка Кыргыз Республикасынын аймактарында жана коңшу Казакстанга сатып өткөргөн. Таласта жеке ишкер “Өзөн Ата” май өндүрүүчү өндүрүшүн жолго салып, жаңы технологиялардын негизинде өзүнүн азыктарын чыгарарын, жогорку сапаттагы сырларды, майларды Талас өрөөнүнүн базарларына жана коңшу республикага экспортторун белгилөөгө болот. Базар экономикасына өтүүдө башка өндүрүш тармактарында мындай ийгиликтүү болбогондугун өкүнүү менен

белгилөөгө болот.Көптөгөн ишканалар аларды реорганизациялоого карабастан, базар экономикасы шартында жашап кете алган жок. Республиканын боюнча, анын ичинде Таласта дагы өндүрүштү жана жеке ишкердикти өнүктүрүү үчүн элге кредит берүүчү банк системасы активдүү иштей баштаган. Кредиттердин пайыздык үстөгү жогору болгондуктан, жеке ишкердикти өнүктүрүүгө жардам бергендин ордуна жарандарды финансылык кризиске кептегендигин белгилөөгө болот. Ошого карабастан, 2010-жылы кээ бир тамак-аш азыктарын иштеп чыгарган жеке ишкерлердин саны өскөн.

Талас шаарынын социалдык-маданий турмушунда базар экономикасына өтүүдө чоң өзгөрүүлөр байкалган. Талас шаарынын социалдык-маданий жашоосунда өзгөрүүлөр байкалат. Кабыл алынган стандарттык нормалардын төмөнкү деңгээлинде күндөлүк турмушту камсыздоо болот. Коммуналдык чарба кызматы шаардык жашоонун 93% суу тармагы байланышы, 88% канализация, 89% жылуулук тармагы, 72% ысык суу менен камсыз кылат. Экономикалык кризистин негативдүү натыйжалары саламаттыкты сактоо тармагына оор таасир калтырды. Акысыз медициналык тейлөө кыскартылган, медициналык дарылоонун кээ бир формалары акы төлөнүүчү формага өткөрүлгөн, стационардык дарылоого акы төлөө киргизилген. Шаардын аймагында үй-бүлөлүк медицина борбору иштей баштаган.

Демографиялык көрсөткүч боюнча, мурунку СССРдин курамындагы өлкөлөрдүн ичинде Кыргызстан элинин санынын өсүүсү боюнча белгилүү деңгээлде көрүнүп турган (1жылда жаңы төрөлгөндөрдүн жана өлгөндөрдүн айырмасы бонча). 1999-жылдагы эл каттоо боюнча, Кыргызстандын элинин саны 4,8 млн адамды түзгөн. Бирок 90-жылдары жаңы төрөлгөн балдардын саны төмөндөгөн, бул экономикалык жана социалдык кыйынчылыктарга байланыштуу болгон. Бул процесс Таласта да байкалган, 1989-жылдагы жана 1999-жылдагы эл каттоолордун жыйынтыгы боюнча, элдин санынын өсүүсү 565 миң адамды же орто эсеп менен 1,2% түзгөн. Бул этапта мурункуга караганда жаңы төрөлгөндөрдүн саны азайып, өлгөндөрдүн саны бир кыйла өскөн жана белгилүү өлчөмдө миграциянын саны жогорулаган. Эмиграциянын күчөгөн мезгили 1993-жылга туура келген.

90-жылдардагы экономикалык жана социалдык кыйынчылыктарга байланыштуу, республика боюнча жаңы төрөлгөн ымыркайлардын саны төмөндөгөн. 1990-жылы республика боюнча ар бир 1000 адамга 29 бала, 1993-жылы – 26, 1988-жылы – 22 бала туура келген. Бул процесс Талас шаарында да байкалат. Мисалы, 1990-жылдардын аягындагы ар бир 1000 адамга 26, 1993-жылы – 24, 1998 –18 бала туура келген. Төрөлүүнүн саны 2004-жыга чейин байкалат. Бул жогорудагы айтылган Талас шаарындагы социалдык-экономикалык маселелерге байланыштуу болгон.

90-жылдардын аягындагы демографиялык кырдаал жаңы төрөлгөн балдардын өлгөндүгү жана республикадагы миграциялык кырдаалдын төмөндөшү менен мүнөздөлөт. Бирок Талас шаарында ымыркайлардын өлүмү жыл сайын өскөн.

2005-жылы өлкөдө өнөр жай, транспорт, социалдык коргоо, канализация, байланыш, билим берүү системасында, маданият, спорттогу маселелер 2005-жылдын 24-мартындагы революциянын негизги себептери болгон. Бирок Талас шаарынын социалдык-маданий турмушунда 2005-2010-жылдары өзгөчө өзгөрүүлөр байкалган жок.

Кыргызстандын көз карандысыздыгынын жарыяланышы менен жана базар экономикасына өтүү менен билим берүүдө реформа башталды, себеби мурунку билим берүү жаңы экономикалык, техникалык, маданий талаптарга жооп бербей, өзүнүн эффективдүлүгүн жоготуп койду. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 1992-жылы «Билим берүү» тууралуу мыйзамды кабыл алган. Адамдардын билимге умтулуусуна бардык жактан жардам берүүгө багытталган жана 1996-жыл билим берүү жылы деп кабыл алынып, анын чегинде “Билим” улуттук программасы бекитилген. Бул программа билим берүү секторунун 2000-жылга чейинки өнүгүүсүн аныктап, инсанга багытталган билим берүүнү баштап берген. Анын жыйынтыгында жаңы билим берүү программалары иштелип чыгып, өздөштүрүлө баштаган, жаңы типтеги мектептер (гимназиялар, билим берүү программалары, автордук мектептер ж.б.) жана эксперименталдык аянтчалар түзүлгөн. Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууда негативдүү жагдайларды чечүүнүн программасы болуп “Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү (“Жеткинчек”) эсептелген.

1993/94-окуу жылдары Талас шаарында 7 орто мектеп 1 кечки мектеп, 4,5 миң окуучу жана 467 мугалим менен иштеген. Шаарда ошол мезгилде 15 педагог “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими” наамына ээ болгон. Окуу-тарбия иштерин жакшыртууга жана профиль боюнча атайын предметтерди тереңдетип окутууга көп көңүл бурулган. Окуучулардын жайкы эс алуусу үчүн “Барчын” лагери уюштурулган.

Орто кесиптик билимди жаштар 1955-жылы ачылган медициналык окуу жайдан, айыл-чарба техникумунан жана №90 училищеден алышат. Борбордук ЖОЖдордун филиалынын негизинде Талас мамлекеттик университети ачылып, Талас областынын мектептери үчүн мугалимдерди даярдайт. ТалМУда “АЙРЕКС” жана ПРООНдун көмөгү менен “Акысыз интернетке кирүү борбору” ачылган; Германиядагы ЛОГО (Чыгыш Европа менен айыл-чарба жана экологиялык тең салмактуулук) уюму менен тыгыз кызматташат. Программа боюнча табият таануу факультетинин студенттери Германиядагы айыл-чарбаларында жана фирмаларында практикадан өтүшөт.

2005-жылы Талас шаарында 9 мектеп, «Мээрим» фондусунун алдындагы Балдардын билим берүү борбору, 6 мектепке чейинки мекеме, 3 лицей иштеген. Бардык мектептерде “Жаңы муун” программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар өткөрүлгөн. Балдарды мектепке тартуу боюнча рейддер жүргүзүлгөн. Көптөгөн муктаж болгондорго бут кийим, кийим түрүндө материалдык жардам берилген. Университеттердин санынын көбөйүшү менен жогорку билим өзүнүн чыныгы негизин жоготуп, социалдык статуска айланган.

Талас шаарынын билим берүү системасында негизинен орто, орто кесиптик, жогорку билим берүүгө байланыштуу кээ бир прогрессивдүү элементтер орун алгандыгын белгилөөгө болот. Бирок Кыргызстандын эгемендүүлүк алышы менен эки категориядагы жарандар пайда болушкандыгын белгилөөгө болот, биринчиси, материалдык жактан жетишпегендиктен баласына орто билим берүүгө мүмкүнчүлүгү жок, экинчиси, баласына мекенинде эле эмес, чет өлкөдөн билим берүүгө мүмкүнчүлүгү жетет. Мунун себеби 90-жылдарда башталган базар экономикасына өтүү менен байланыштуу.

Шаарлардын тарыхы боюнча Кыргызстандагы белгилүү изилдөөчү Д.С. Лосев шаардын өлкөнүн турмушундагы мааниси тууралуу: “Шаар ар түрдүү кызматты аткарат. Ал өндөрүштү топтоп, жакынкы аймакты экономикалык жактан башкаруунун борбору болуп, квалификациялык кадрларды даярдоонун очогу болуп, транспорттук жана соода-бөлүштүрүүчү байланыш, илимий ой жүгүртүүнүн жана маданияттын борбору болуп саналат”.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР:

Диссертациянын материалы Талас шаарынын тарыхы маселеси боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет.

1. Шаарлар көчмөндөр-мал өстүрүүчүлөр жана жер иштетүүчүлөрдүн товар алмашуусунун ордосу катары кызмат өтөп, Орто Азиядагы негизги мал чарбачылыгы менен жер иштетүүнү бир экономикалык организмге бириктирген. Андан тышкары алар дүйнөлүк түйүндөрдө Европа менен Азияны байланыштырган өзгөчө пункттар болуп эсептелген. Кыргызстандын чөлкөмүнөн кербен жолдору өткөндүктөн, көп сандагы шаарлар VIII-XIII кылымдарда эле пайда болгон.Талас өрөөнүндө эл байырлаган эң чоң пункт –Ак-Төбө шаарчасы пайда болуп, Талас дарыясынын эки жээгинен орун алган.

2. Россиянын курамына кошулуу Кыргызстандын экономикасында бир кыйла өзгөрүүлөгө алып келген, эл байырлаган шаарчаларды пайда кылган. Талас өрөөнүндө1976-1877-жылдары Дмитриевское айылы пайда болгон – эл көчүрүлгөн айылдардын бири болгон. Айылдарда элдердин улуттук курамы өзгөргөн. Орустар жана Украинадан көчүп келгендер жана

немецтер жер иштетүүнү өнүктүрүүгө салым кошушкан, сатыкты кеңейтүү, айыл-чарба азыктарын иштетүү аз да болсо иштей баштаган. Бир катар жумушчулар кыштактары пайда болуп, алар кийин советтик бийлик учурунда шаарларга өсүп жеткен. Дмитриевка кыштагынын негизделишинин тарыхый шарты Орто Азия чөлкөмүндө бийлик кылган Россия падышачылыгынын колониалдык саясатына байланыштуу болгон. Ошол эле мезгилде жергиликтүү эл кыйын акыбалда калган, көчүп келгендер иштетилүүчү жерлерди ээлеп алгандыктан, алар Кең-Кол тарапка сүрүп чыгарылган.

3. Советтик бийликтин жеңиши менен жана коллективдештирүүнүн ийликтүү жыйынтыкталышы менен Дмитриевкадагы жашоо өзгөрдү. Кыштакта чоң эмес айыл-чарба азыктарын иштетүүчү өндүрүштүк ишканалар пайда болгон. Телефондук жана телеграфтык станциянын имараты курула баштаган. “Ашар” ыкмасы менен Дмитриевка кыштагы менен Жамбул шаарын бириктирген жол салынган. Дмитриевка кыштагы райондук борбор болуп, бардык Талас өрөөнү бир районду түзгөн. Согуштун жыйынтыгында экономикалык жана социалдык-маданий жагдай (Орто Азияга адамдарды жана материалдык ресурстарды эвакуациялоого байланыштуу) Талас кыштагын Талас шаары кылып өзгөртүү шартын түзгөн, 1944-жылы 22-июнда Талас кыштагы Талас шаары болуп өзгөрүп, 5 райондон турган Талас облусу түзүлгөн.

4. XX кылымдын экинчи жарымында шаардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү уланган. Совет бийлиги жылдарында Талас шаарында өндүрүш жана маданият салттуу орус моделинин негизинде түзүлгөн, эмгек процессин уюштуруунун салттуу модели орустук базанын, орус тилинин базасында жана башкаруу жана бийлик орус базасынын негизинде түзүлгөн. Талас шаарынын коомдук жашоосун “Трудовая поступь” райондук жана шаардык газетасы чагылдырып турган. Завод, фабрикалар иштеген, Фрунзе прибор куруу заводунун филиалы, нан завод, тигүү фабрикасы, Фрунзе биргелешкен “Чолпон” өндүрүшү, сыра заводу, “Рембытмаш” башкы бирикмесинин филиалы иштеп турган.

5. Көз карандысыздыкты алгандан берки биздин мамлекеттеги социалдык-экономикалык кырдаал биздин элибиздин потенциалын ишке ашырууда жаңы багыттарды түздү. Ушуга байланыштуу Кыргызстан рыноктук мамилелерге активдүү өтө баштады. Ички миграция өстү. Кыргызстандын мурунку советтик өлкөлөр менен алып-сатуу жана экономикалык байланыштары кескин кыскарган жана өндүрүш жана айыл чарба азыктарын жеткирүү кыскарган. Талас шаарынын аймагында 2002-жылы 544 ишкана катталып, облустун ишканаларынын 38% түзгөн. 2005-жылга карата Кыргызстандын, анын ичинде Талас шаарынын социалдык-экономикалык абалы төмөндөгөн.

6. Талас шаарынын социалдык-маданий жашоосунда өзгөрүүлөр байкалат. Кабыл алынган стандарттык нормалардын төмөнкү деңгээлинде күндөлүк турмуштук камсыздоо болот. Акысыз медициналык тейлөө кыскартылган, медициналык дарылоонун кээ бир формалары акы төлөнүүчү формага өткөрүлгөн, стационардык дарылоого акы төлөө киргизилген. Шаардын аймагында үй-бүлөлүк медицина борбору иштейт.

7. Коомчулуктун колдоосу менен сакталып калган билим берүү системасына биздин өлкөнү кучагына алган системалык кризис таасир тийгизген. Дал ошондуктан акы төлөнүүчү лицейлер жана мектептер пайда болду, студенттер контракттык негизде билим ала башташты. Азыркы мезгилде таласта 3 лицей (балдар жана кыздар "Себат"лицейи жана чет тилдер багытындагы лицей) иштейт, 2000-жылы айыл-чарба техникуму, КМАКУ, КАА, КМУУ, И.Арабаев атындагы университеттердин филилалынын базасында облусттун мектептери үчүн педагогикалык кадрларды даярдоо бобору болгон Талас мамлекеттик университети түзүлгөн. Бирок, республика боюнча университеттердин санынын көбөйүшү менен жогорку билим берүү өзүнүн чыныгы маңызын жоготуп, социалдык статуска айлангандыгын тана албайбыз.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Шаардын жашоосун жакшыртуу үчүн орто жана чакан бизнести өнүктүрүү зарыл. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик долбоорлорун ишке ашыруу керек.

▪ Ар бир шаардын негизин өндүрүш түзөт. Кийим тигүүчү фабриканын ишин жандандыруу жана "Талас сүт" сүт комбинатын өнүктүрүү зарыл. Талас шаарында ар түрдүү тамак-аш продукцияларын чыгарган майда ишканалар иштейт. Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 17-мартындагы "Кыргыз Республикасынын чет элдик инвестициялар жөнүндө" мыйзамына ылайык инвесторлорду тартуу менен жаңы технологияларды пайдаланып өндүрүштү кеңейтүү. Казакстандын өндүрүүчүлөрүнө конкуренттик туруштук берүүчү өндүрүштү түзүү.

▪ Талас шаары Бишкек-Тараз жолунда жайгашкан. Казакстан жана Өзбекстан өлкөлөрү менен кызматташуу "2013-2017-жылдар аралыгында туруктуу өнүгүүнүн улуттук стратегиясы" программасын ишке ашырууга өбөлгө болот.

▪ "Кыргыз Республикасынын кичи шаарларын жана шаар тибиндеги кыштактарын өнүктүрүү концепциясын" ишке ашыруу боюнча Талас шаарында шаардык администрация менен КРдин Муниципалитеттер ассоциациясы менен Казакстандын жана Россиянын бул багыттагы тажрыйбасын өнүктүрүү.

▪ Берилген диссертациянын жана башка тарыхчылардын изилдөө иштерин пайдаланып, Талас өрөөнүнүн аймак таануу музейин түзүү.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү публикацияларда чагылдырылган:**

1. Кулова, Э.К.У истоков города Талас [Текст] / Э.Кулова, К.Кенешбеков // Вестник КНУ им. Ж. Баласагуна. – Бишкек, 2006. – С. 71–75.
2. Кулова, Э.К. К истории города Талас: этапы становления [Текст] / Э.Кулова // Вестник БГУ им. К. Карасаева. – Бишкек, 2008. – № 2. – С. 52–55.
3. Кулова, Э.К. Из истории формирования Таласского государственного университета (1996–2006) [Текст] // Э.Кулова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагуна. – Бишкек, 2007. – № 7. – С. 95–98.
4. Кулова, Э.К. Из истории системы среднего, среднего специального и высшего образования в г. Талас (1889–2004) [Текст] / Э.Кулова // Достояние нации. –Алматы, 2008. – № 3. – С. 136–139.
5. Кулова, Э.К. Этапы становления г. Талас [Текст] / Э.Кулова // Поиск: Высшая школа Казахстана. – Алматы, 2009. – № 2(1) – С. 48–52.
6. Кулова, Э.К. Из истории города Талас (1944–2004 гг.) [Текст] / Э.Кулова // Талас областынын жана шаарынын 60 жылдык мааракесине арналган республикалык илимий практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2005. – С. 63–68.
7. Кулова, Э.К. Некоторые теоретические аспекты в изучении истории происхождения городов [Текст] / Э.Кулова // Сборник научных статей научно-практической конференции «Актуальные проблемы и перспективы развития науки и образования». – Бишкек, 2008. – С.
8. Кулова, Э.К. История сельскохозяйственного колледжа г. Талас [Текст] / Э.Кулова // Социально-гуманитарные науки. – Бишкек, 2009. – С. 20–23.
9. Кулова, Э.К. Вклад О.П. Михайлова в социально-экономическое развитие г. Талас [Текст] / Э.Кулова // Сборник материалов научно-практической конференции, посвященной 10-летию Таласского государственного университета. – Бишкек, 2010. – С. 187–191.
10. Кулова, Э.К. Историография г. Талас и Таласской долины [Текст] / Э.Кулова // Сборник материалов научно-практической конференции Таласского государственного университета. – Бишкек, 2010. – С. 148–152.
11. Кулова, Э.К. Талас – этимологиясынын келип чыгыш тарыхынан [Текст] / Э.Кулова // Талас облусунун 70 жылдык маарекесине арналган республикалык илимий-тажрыйбалык жыйындын баяндамаларынын жана макалаларынын жыйнагы. – Талас, 2014. – С. 146–149.
12. Кулова, Э.К. “Манастын күмбөзү” – тарыхый этнографиялык булак катары [Текст] / Э.Кулова // Кытайлык залкар кыргыз манасчысы Жусуп мамайдын чыгармачылыгына арналган илимий баяндамалардын топтому. – Бишкек, 2014. – С. 191–195.

13. Кулова, Э.К. Средневековый город Ак-Тюбе – археологический и культурный памятник Таласской долины [Текст] / Э.Кулова // 1916-жылкы көтөрүлүштүн 100 жылдык маараксесине арналган илимий жыйындардын баяндамалар, макалалар, архивдик ж.б. маалыматтар. – Бишкек, 2016. – С. 201–205.

14. Кулова, Э.К. История г. Талас (1918–1944) [Текст] / Э.Кулова // Хакас элинин чыгаан этнографы, тарых илимдеринин доктору, профессор Виктор Яковлевич (Астайбек) Бутанаевдин 70-жылдык маараксесине арналган жыйнак. – Бишкек, 2016. – С. 296–299.

15. Кулова, Э.К. История формирования среднего профессионального образования г. Талас Кыргызской Республики [Текст] / Э.Кулова // Новый университет. Сер. Актуальные проблемы гуманитарных и общественных наук. – Йошкар-Ола, 2016. – № 3(60). – С. 4–7.

16. Кулова, Э.К. История развития промышленности г. Талас Кыргызской Республки [Текст] / Э.Кулова // Вестник науки и образования. Научно-методический журнал. – № 6(18). – М., 2016. – С. 62–64.

17. Кулова, Э.К. Промышленность и финансы г. Талас (1991–2005) [Текст] / Э.Кулова // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2016. – С. 200–202.

**Кулова Элнура Кемелбековнанын**
**“Талас шаарынын тарыхы” деген темадагы**
**07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

***Негизги сөздөр:*** Ак чий кыштагы, Дмитриевка кыштагы, Талас кыштагы, Талас шаары, өндүрүш, демография, саламаттыкты сактоо, билим берүү, маданият.

***Изилдөөнүн объектиси:*** Талас шаарынын тарыхы.

***Изилдөөнүн максаты:*** Талас шаарынын тарыхын, социалдык-экономикалык жана маданий абалынын негизги аспектилерин жана анын трансформациялык мезгилдеги өзгөчөлүгүн комплекстүү изилдөө.

***Изилдөөнүн ыкмасы*** – изилдөөнүн жүрүшүндө тарыхый салыштырмалуулук, тарыхый системалуулук, талдоо ыкмалары колдонулду.

***Диссертациянын илимий жаңычылдыгы*** Диссертациянын илимий жаңлыгы коюлган максат жана тапшырмаларга ылайык. Анда биринчи жолу Талас шаарынын пайда болушунун, калыптануусунун, өнүгүшүнүн теориялык жана тарыхый өбөлгөлөрүн кароо аракети жасалды. Илимий айлампага биринчи жолу борбордук архивдердин, областтык жана райондук, Талас шаарынын мекемелеринин учурдагы архивдик фонддору киргизилди, ошондой эле изилденген проблема боюнча фактылык материалдарды анализдөө жана систематташтыруу ишке ашырылы. Талас шаарынын өндүрүшүнө, инфраструктурасына жана билим берүү системасына комплекстүү анализи жүргүзүлүп, ошондой эле Талас шаарынын социалдык-экономикалык жана маданий жашоосу ретроспективдүү өңүттө берилди.

***Иштин теориялык жана практикалык мааниси.*** Изилдөөнүн натыйжалары, жыйынтыкта берилген сунуштар, Кыргызстандагы шаарлардын, анын ичинен Талас шаарынын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүндөгү маселелерди чечүүдө мамлекеттик органдар тарабынан пайдаланылат деген ойдобуз. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылоочу монографияларды жазууда, окуу жайлар үчүн окуу куралдарын түзүүдө, атайын курстарды окутууда пайдаланылат деген ишеничтебиз.

Изилдөөнүн жыйынтыктары адисстердин жана кенири чөйрөдөгү окуучулардын белгилүү бир өлчөмдөгү кызыкчылыктарын туудурат.

Диссертациялык иш киришүүдөн, 7 параграфты камтыган үч главадан, кортунду, практикалык сунуштар жана адабияттардын тизмесинен турат.

**РЕЗЮМЕ**
**диссертации Куловой Элнуры Кемелбековны**
**“История города Талас”**
**на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02. – отечественная история**

***Ключевые слова:*** селения Ак-чий, Дмитриевка, город Талас, промышленность, демография, здравоохранение, образование, культура.

***Объектом исследования*** является история города Талас.

***Цель исследования:*** комплексное исследование основных аспектов социально-экономической и культурной жизни города Талас и его особенностей в трансформационный период.

***Методы исследования:*** историческое сопоставление, систематизация, анализирование, разбор.

***Научная новизна диссертации*** заключается в характере поставленных целей и задач исследования. В ней впервые предпринята попытка рассмотрения теоретических и исторических предпосылок возникновения, становления и дальнейшего развития г. Талас. В научный оборот впервые введены отдельные фонды центральных, областного и районного, городского архивов, материалы текущих архивов учреждений г. Талас; осуществлена систематизация фактического материала по изучаемой проблеме; проведен комплексный анализ развития промышленности, инфраструктуры и системы образования г.Талас, а также представлена в ретроспективе социально-экономическая и культурная жизнь города Талас рассматриваемого периода.

***Теоретическая и практическая значимость*** определяется возможностями использования государственными органами итогов исследования, предложений, сформулированных в заключении работы, для решения проблем, возникающих в социально-экономическом развитии городов Кыргызстана, в том числе города Талас. Материалы и итоги исследования могут использоваться при подготовке обобщающих монографий, учебных пособий по истории Кыргызстана, для проведения специальных курсов.

Результаты исследования, несомненно, будут представлять определенный интерес для специалистов и широкого круга читателей.

Диссертационная работа состоит из введения, трех глав, включающих 7 параграфов, заключения и библиографии.

**SUMMARY**
**Of the dissertation entitled "History of Talas" written by Kulova Elnura Kemelbekovna for the degree of Candidate of Historical sciences by specialty 07.00.02 – Native History**

***Keywords:*** v.Ak-Chii, v. Dmitrievka, v.Talas, town Talas, demography, health, education, culture, manufacture.

***The subject of the research:*** is the history of socio-economic and cultural life of the town Talas.

***Exploration objective****:* a comprehensive study of the main aspects of social, economic and cultural life of the Talas town, and features in the transformation period.

***Methods of investigation****:* The investigation used the following methods: historical comparison, the historical systematization, analyzing, analysis.

***Scientific novelty of the dissertation****:* The scientific novelty of the research is that at its disposal are the goals and objectives of the research. In it, for the first time, problems associated with the emergence and development of events in the world are considered. Talas. In the scientific circulating access are located separate funds of central, regional and district archives, materials of current archives of institutions. Talas; Systematization of factual material on the problem studied; A comprehensive analysis of the development of industry, infrastructure and the education system of Talas was carried out, as well as socio-economic and cultural life of the city of Talas in the period under review.

***Theoretical and practical importance:*** determines by the possibilities for the state bodies to use the results of the research, proposals formulated in the conclusion of the work, to solve the problems arising in the social and economic development of the cities of Kyrgyzstan, including the city of Talas. The materials and results of the research can be used in the preparation of general monographs, textbooks on the history of Kyrgyzstan, for special courses.

The results of the study will undoubtedly be of some interest to specialists and a wide range of readers.

The thesis consists of an introduction, three chapters, including 7 paragraphs, conclusions, practical rekomendetions and bibliography.

Форматы: 64х80/16.    Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,75  б.т.            Нускасы: 100

---

«Maxprint» басмасында басылды.

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru